КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

ЫСЫК-КӨЛ
ИНДУСТРИАЛДЫК-
ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИ
721900 Балыкчы ш. Аманбаев көч. 208,
тел.- факс (03944) 4-00-59
ikipk-balykchy@mail.ru
Расчеттук эсеп 4404061101002310
БИК 440406; ИНН 00906199410030
ОКПО 20035644

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ
И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ
РЕСПУБЛИКИ

ИССЫК-КУЛЬСКИЙ
ИНДУСТРИАЛЬНО-
ПЕДАГОГИЧЕСКИЙ КОЛЛЕДЖ
721900 г. Балыкчы ул.Аманбаева 208
тел.- факс: (03944) 4-00-59
ikipk-balykchy@mail.ru
Расчетный счет 4404061101002310
БИК 440406; ИНН 00906199410030
ОКПО 20035644

17.12.2020-ж. № 01-25/23
№

Балыкчы шаардык мэриясына

# Билдирүү

Сиздердин 19.11.2020 жылдын № 01-19/1657 сандуу катыныздар боюнча төмөндөгүдөй маалыматтарды жана сунуштарды жөнөтөбүз:

2020-2021-окуу жылына карата Ысык-Көл индустриалдык-педагогикалык колледжи **"Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системалардын системалардын программалык камсыздоо"** адистигин ачып, абитуриенттерди кабыл алды жана ушул адистиктин алдында **"Пользователь ПК" 2 айлык кыска мөөнөтүү курска** кабыл алууну жүргүзүп жатат. Бул адистиктер Азия өнүктүрүү банкынын алкагында ишке ашырылып жаткан проектинин негизинде окуу жабдуулары менен камсыздалып, компьютердик класстар берилет. Азыркы учурдун талабына ылайык коомго керектүү адистерди даярдоодо, жогорку квалификациялуу мугалимдер сабак беришет.

Бүгүнкү күндө шаарда туризм тармагы толугу менен өнүгө элек жана тарыхый жактан шаар туристтик эмес шаар катары өнүгүп, Ысык-Көлгө кетүүчү жолдо транзиттик шаар бойдон калууда. Стратегиялык планды тапшырмаларын ишке ашыруунун негизинде окуу жайда, 2019-2020-окуу жылына карата "**Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу**" адистиги ачылып, студенттер кабыл алынган. Бул адистик тандалган артыкчылыктуу адистиктердин катарына кирип, АӨБ (Азия өнүктүрүү банкы) долбоору тарабынан толук колдоого алынып, окуу программасын сапаттуу ишке ашыруу үчүн капиталдык ремонт иштери жүргүзүлүп жаткан жатакананын имаратынын 1-кабатына окуу лабараториялык аудиториялар жана "Окуу-өндүрүштүк комплекси" түзүлүп, 18 орундуу мейманкана номерлери заманбап типте жасалып, 2021-жылдын 2-кварталында ишке берилет. Ушул адистиктин алдында туризм чөйросүндө кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу максатында кыска мөөнөтүү курстар: **" Гид курсу", "Ресторандык кызмат", " Мейманкана кызматчысы"** окутуу пландалууда.

Жогорудагылардын негизинде туризм багытында сиздерге төмөндөгүдөй көйгөйлөрдүн чечилишине колдоо көрсөтүүнөрдү сунуштайбыз:

Окуу жай адистиктерди тандоо жана анализ жүргүзүү боюнча, эмгек рыногун изилдөөдө чогултулган маалыматтардан туризм сферасындагы негизги көйгөйлөрдү аныктоо жана адистик боюнча социалдык өнөктөштөр менен кызматташууну жакшыртуу максатында төмөнкү маалыматты негизги маселе катары талдап чыгып, аны чечүүнүн жолдорун табуу боюнча иш жүргүзүүдө.

**- Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2018-2022-жж мезгилдеги региондук өнүгүү саясатынын концепциясында туризм сферасы боюнча төмөндөгүдөй тапшырмалар коюлган:**

1. Туризм чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын натыйжалуулугун бекемдөө жана оркүндөтүү максатында ыйгарым укуктуу органдын иши күчөтүлөт жана мыйзамдык базаны оркүндөтүү боюнча иштер улантылат.

2. Өкмөт туризм тармагынын катышуучулары менен бирдикте туризм тармагы үчүн менеджмент жана тейлөө кадрларын даярдоо тутумуна өзгөчө көңүл бурат.

3. Аймактарда туризмди өнүктүрүүгө аймактык жана жергиликтүү бийлик активдүү катышат. Ар бир региондо региондорду өнүктүрүү программаларынын алкагында жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү жана колдо болгон жергиликтүү туристтик потенциалды эске алуу менен туризм тармагын өнүктүрүү пландары иштелип чыгат.

4. Биздин аймакта, негизинен, бардык туристтик комплекстер жеке секторго таандык. Келишимдерди түзүүдө, студенттердин тажрыйбасын өткөрүүдө, жумуш берүүчүлөрдөн сурамжылоо алууда жана алар менен маектешүүдө, уюмдар менен кызматташууда, лидерлер менен жолугушууда, мамилелерди жана кызматташтыкты талкуулоо сыяктуу кыйынчылыктарга туш болууда.

5. Туризм чөйрөсүндөгү кызматташууга кызыкдар эмес жана билим берүү процессине катышууну каалабайт. Жумуш берүүчүлөр квалификациялуу эмес персоналды иштетишет. Ушуга байланыштуу, иш берүүчүлөргө маалымат берилбейт жана өкмөт тарабынан концепцияда көрсөтүлгөн талаптарга жооп беришпейт деген тыянак чыгарууга болот.

6. Жогорудагы көйгөйлөрдүн чечүүдө ушул өкмөттүн алдындагы талаптар региондук жана жергиликтүү бийлик тарабынан катуу коюлуп жана көзөмөлгө алынса, биздин колледжде бул окуу программасын ишке ашырууга эн жакшы түрткү болмок жана биз дагы региондун өнүгүшүндөю туризм сферасындагы тармактардын өнүгүсүндө чон салым кошмокпуз деп эсептейбиз.

**Директор** **Б.А.Жумабаева**